КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 21-29/2

29 чакырылышынын 21-сессиясы **19.08. 2026 ж.**

« МТФ-2 айылына баруучу жолдогу көпүрөнү калыбына келтирүүгө акча каражатын бөлүү жөнүндө»

Жаны-Пахта айыл аймагындагы МТФ-2 айылына баруучу жолдо жайгашкан көпүрөнүн учурдагы абалы начардыгына жана көптөн бери пайдаланылып келе жаткандыгына байланыштуу айрым конструкциялык бөлүктөрүнүн эскирип, бузулгандыгына, авариялык абалда болгондуктан, калктын жана транспорт каражаттарынын коопсуз өтүүсүн камсыз кылуу, жол каттамынын үзгүлтүксүз иштешин камсыздоо максатында, көпүрөнү калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү зарылдыгын эске алып, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик ыйгарым укуктарына ылайык, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жаны-Пахта айыл аймагындагы МТФ-2 айылына баруучу жолдо жайгашкан көпүрөнү калыбына келтирүү иштери жүргүзүлсүн.
2. Көпүрөнү калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн оңдоп түзөөгө алынуучу материалдарды алууга Жаны-Пахта айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинен 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Калыбына келтирүүгө иштерин ашар жолу менен жергиликтүү элдин жардамы менен ишке ашырылсын.
4. Көпүрөнү калыбына келтирүү иштеринин сапаттуу жана өз убагында аткарылышын көзөмөлдөө Жаны-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы Абдыкеримов М.К га жүктөлсүн.

Жаны- Пахта айылдык
кеңешинин төрагасы Саитбеков З.М.